**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

**Токтолул атындагы №6 орто мектеби**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**

**Средняя школа №6 им.ТОКТОГУЛА**

---

05.09.2022

**2022-2023-окуу жылында Токтогул атындагы №6 орто мектебинин усулдук кеңешмесинин №1 протоколу**

Төрайымы – окуу бөлүмүнүн башчысы Эгембердиева А.Д. Кызыл-Кыя шаары
Катчы – Шайдилла к Динара

**Катышкандар:**

1. Мектеп администрациясы
2. Усулдук бирикмелердин жетекчилери: Алимбаева Т.Т., Жээнбаева Г.Н., Атаханова Ш.Б., Осмонова Г., Мурзакматова З.А., Мурзабекова Ы.
3. Предметтик мугалимдер 32

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Усулдук кеңештин өткөн жылындагы отчетун угуу.
2. Жаңы окуу жылына түзүлгөн усулдук кеңештин иш планын талкуулоо.
3. Жаш мугалимдер үчүн методикалык жардам берүүнүн багыттары жана аларга насаатчыларды сунуштоо.

**1-маселе боюнча усулдук кеңештин төрайымы Эгембердиева А.Д. сүйлөдү.**
**Угулду:**
Былтыркы окуу жылында мектептин усулдук кеңеши алдында 6 усулдук бирикме түзүлүп, атайын түзүлгөн пландын негизинде иш жүргүзүштү.Бир жыл ичинде бир нече методикалык иш чаралар аткарылды.
Алсак,предметтер боюнча жумалыктар, күндөр, белгилүү даталар, кабинеттер конкурсу, предметтердин окутулушу боюнча анализ, предметтер боюнча олимпиадаларга катышуу,шаардык денгээлде ачык сабактардын жана семинарлардын өткөрүлүшү,предметтик ийримдердин иштери , мыкты олимпиадачы, мыкты күндөлүктөр сынагы аттуу иш чаралар өткөрүлдү.
Шыктуу балдар менен иштөө, өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иш жүргүзүү,жаш мугалимдерге ар тараптуу жардам берүү, алдынкы тажрыйбалуу мугалимдердин сабак өтүү методикаларын жайылтуу, ачык сабактарды өтүү, окуу программаларынын аткарылышы жана башка маселелер боюнча иш жүргүзүү жакшы жолго коюлгандыгы белгилүү болду. Атап айтсак, башталгыч класс мугалими Тойгонбаева Б.2021-жылдын декабрь айында өткөрүлгөн “Окуу керемет” долбоорунун стратегияларын колдонуу менен күндөлүк план жазуу” аттуу республикалык сынакта байгелүү экинчи орунга ээ болду. Б.Тойгонбаеванын методикалары менен жаш мугалимдер жакындан таанышып иштеп келет. Исхак Разаков жеткинчектер олимпиадасына 5-6- класстын окуучулары катышып, 1-2-3- байгелүү орундарга ээ болушту. Аларды даярдаган мугалимдер Кызыл-Кыя шаарынын мэриясы тарабынан “Ардак грамоталар” менен сыйланышты. Бул мугалимдердин окутуу методикалары менен тажрыйба алмашып, жакшы жыйынтыктар көрсөтүлдү.
2021-2022-окуу жылында окуучулардын билим сапатын көтөрүү үчүн кошумча сабактарды окутуу жакшы жолго коюлбай калды.Ошондой эле усулдук бирикмедеги бардык мугалимдер ТСОну колдонуп сабактарды өтүү жакшы жолго коюлбагандыгы байкалды.Демек , быйылкы окуу жылында бул иш чараларды колго алып, дагы тереңдетип аткарууга сунуштаймын.
Негизинен усулдук кеңеш былтыркы окуу жылында алдына койгон негизги маселелерди толук аткарды.

**Чыгып сүйлөдү:** тарых мугалими Пирматова Г
2021-2022-окуу жылында усулдук бирикмелердин иш пландары толук аткарылды деп ойлоймун,анткени негизги текшерүүлөр толугу менен жүргүзүлүп жыйынтыкталып жатты.
**2-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Эгембердиева А.Д.сүйлөдү.**
**Угулду:**
Быйылкы окуу жылында усулдук кеңеш алдында мектепте билим сапатын жогорулатуу максатында бир катар иш чараларды жүргүзүү,окуу тарбия иштерине жаңы ыкма , тажрыйбаларды кеңири колдонуу иштери турат.Бул үчүн усулдук кеңеш, 6 усулдук бирикме алдында жылдык иш пландар түзүлүп бекитилди.Быйылкы окуу жылынын планы слайд аркылуу тааныштырылды. Быйлкы окуу жылында дагы бир топ олуттуу маселелердин үстүнөн иштөө керектиги такталды.Белгилеп кетсек, шыктуу балдар менен иштөө, өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөөнү тереңдетүү, мугалимдердин чыгармачылык менен иштөөсүн арттыруу,шаардык предметтик олимпиадаларга жакшы даярдануу, мугалимдердин портфолиолорунун конкурсун, окуучулардын илимий конференциясын өткөрүү, предметтик жумалыктарды, күндөрдү белгилөө, дептерлердин абалын окуучулардын кол жазмаларынын абалын жакшыртуу.
Былтыркы окуу жылынан айырмаланып быйылкы окуу жылында мугалимдердин сабак өтүү шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында , методикаларын жакшыртуу максатында интерактивдүү ыкма- мкк боюнча усулдук семинарларды өткөрүү планга коюлду.
Окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен окуучулардын билим сапатын көтөрүү жана алдынкы тажрыйбалуу мугалимдердин иш тажрыйбасын жаш мугалимдер арасында жайылтуу планга коюлду.
**Чыгып сүйлөдү:** Кыргыз тили мугалими Алимбаева Т.
PISA-2025 жылы өтө турган окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоонун эл аралык программасына катышууга окуучуларды даярдап келсек: Эски окутуу усулдарды колдонуу окуучулардын билим денгээлинин жогорулашына терс таасирин тийгизет.Билим берүүдө жаңы усулдар керек.Сабактарда жаттоого эмес, өз алдынча ой жүгүртүү жана талдоо жүргүзүүгө көңүл бурушубуз керек.
**3-маселе боюнча башталгыч класстардын окуу бөлүмүнүн башчысы Б.Тойгонбаева сүйлөдү.**
**Угулду:**
Урматтуу мугалимдер, насаатчылар жөнүндө жобо менен таанышып алсаңыздар.Насаатчылык жөнүндө жободо негизинен насаатчылыктын максаттары , милдеттери, укуктары, жаш адистин укуктары жана милдеттери, мектептин окуу тарбия иштери боюнча орун басарынын милдеттери, мектептеги усулдук бирикменин башчысынын милдеттери, насаатчылардын ишмердүүлүгүн жөнгө салган документтер менен слайд аркылуу тааныштырылды. Быйылкы окуу жылында 8 жаш мугалим бар. Жаш мугалимдер менен иштөөнүн планы менен тааныштыңыздар. Жаш мугалимдерге төмөнкү мугалимдер насаатчы болуусу сунушталат.

| № | Жаш мугалим | Предмети | Насаатчысы |
|---|---|---|---|
| 1 | Мамазияева Динара | Англис тили | Мурзабекова Ыкыбал |
| 2 | Максытова Каныкей | Орус тили | Исакова Айзада |
| 3 | Кадырбек у Курбанбек | Дене тарбия | Амираев Мыктыбек |
| 4 | Абдуллаева Насиба | Информатика | Бекенова Гулмира |
| 5 | Шамшиева Элдана | Башталгыч класс | Осмонова Гулдана |
| 6 | Зайлабидин к Нурзия | Математика | Мурзакматова Зарипа |
| 7 | Кадырбердиева Айбарчын | Кыргыз тили | Эргешова Гулбайра |
| 8 | Ысмайылова Наргиза | Башталгыч класс | Абдыкадырова Гавар |

**Жарыш сөзгө чыккандар болгон жок.**
Былтыркы окуу жылында усулдук кеңештин иши канаатандыраарлык деп баалансын.

**Жогорудагы маселелерди карап чыгып , усулдук кеңеш сунуш кылат:**

1. Өткөн окуу жылында кетирилген кемчилдиктер үстүндө иш алып баруу сунушталсын.
2. 2022-2023- окуу жылындагы усулдук кеңешменин иш планын өз убагында , толук жана так аткаруу сунушталсын.
3. Жаңы окуу жылында усулдук кеңеш алдында жаңы усул , тажрыйбаларды окуу процессине жайылтуу, алдынкы тажрыйбалуу мугалимдердин чыгармачыл отчетторун уюштуруу иштерин жүргүзүү, усулдук кеңеш жана усулдук бирикмелердин алдында түзүлгөн иш чараларды толук, сапаттуу аткаруу сунушталат.

Усулдук кеңешменин төрайымы: Эгембердиева А.Д.
Катчы: Шайдилла к Д

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК**

**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

**Токтогул атындагы №6 орто мектеби**

**МИНИСЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**

**Средняя школа №6 им.Токтогула**

**28.10.2022**

## 2022-2023-окуу жылыында Токтогул атындагы №6 орто мектебинин усулдук кеңешмесинин №3 протоколу

Төрайымы- окуу бөлүмүнүн башчысы Эгембердиева А.Д. Кызыл-Кыя шаары
Катчы- Шайдилла к Динара

**Катышкандар:**

1.Мектеп администрациясы

2. Усулдук бирикменин жетекчилери:Алимбаева Т.Т., Жээнбаева Г.Н., Атаханова Ш.Б. , Осмонова Г., Мурзакматова З.А., Мурзабекова Ы.

3. Предметтик мугалимдер 29

**Күн тартиби:**

1. Окуу китептери менен камсыз болуусу.
2. Кыргыз тили айлыгын өткөрүү.
3. “Сабаттуу бол” акциясын өткөрүү.
4. Бүтүрүүчү 11-класстардын ЖРТнын акыркы үч жылдагы катышуусу боюнча маалымат.

**1-маселе боюнча мектеп китепкана башчысы Абдикарим к Айтунук сөз сүйлөдү.**

**Угулду:**

Быйылкы окуу жылында китептердин жалпы саны 12873, ал эми анын ичинен кыргыз тилинде окутулган класстар үчүн окуу китеби 9587,орус класстарда орус китеби 3286 китепти түзгөн. Адабий китептер фонду 403, окурмандар 200, катышкандар 100, берилүүчү китептер 100, китеп көргөзмөсү 4,ангеме 2 китепти түзөт.

Анын ичинде 2022-2023-окуу жылында китепканага келип түшкөн китептер

| | | Жалпы фонд | Кыргыз тилинде | Орус тилинде |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Окуу китептери | 403 | 303 | 100 |
| **2** | Адабий китептер | 3 | 3 | 0 |
| **3** | Усулдук колдонмолор | 3 | 3 | 0 |
| **4** | Жалпы | 409 | 309 | 100 |

2022-2023- окуу жылында 9-класстардын кыргыз класстарында “Диндердин өнүгүү тарыхы боюнча” 65 даана окуу китеби жана 2 даана мугалимдер үчүн усулдук колдонмо китеби келип, китептердин жалпы саны 12906 китепти түздү.

**Чыгып сүйлөдү: биология мугалими Атаханова Ш .**

Мектеп боюнча китеп менен 78% окуучулар болсо бул жакшы деп эсептейм, бирок орус класстардын китеп менен камсыз болуусун жакшыртуу шарт.Анткени ата-энелер жылына китеп алып берүүдө кыйналып калышы мүмкүн.

**2-маселе боюнча кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жетекчиси Алимбаева Т . сүйлөдү.**

**Угулду:**

Быйылкы окуу жылында Мамлекеттик тил - кыргыз тилинин 33 жылдыгына арналган “Кыргыз тили-кылым тили” деген аталыштагы бир айлык иш чара өткөрүлдү.Бул иш чарага мектеп жамааты,окуучулар жалпы активдүү катышышты.

…-сентябрь күнү Тил күнүнө арналган айлыктын салтанаттуу ачылышы болду жана ушул эле күнү "Макал-сөздүн көркү"деген темада макал-лакап айтышуу сынагы 5-6-7-арасында өткөрүлдү.Мында өздөрүнүн макалды көп билгеп ,көркөм айтканы менен айырмаланган окуучулар болду.
20-сентябрь күнү 7-8- класстар арасында "Акыйнек ырын ырдашуу абалтан кыргыз салты экен"деген аталышта акыйнек айтышуу сынагы өткөрүлдү.Бул сынакта 8-б классынын окуучулары мыкты даярдангандыгын билдиришт
21-сенятябрь күнү "Өнөр алды-кызыл тил" деген темада көркөм окуу сынагы болуп,анда 10-а классынын окуучула Таштанова Топчугүл менен Нурланбек к Сабира ,11-а классынын окуучусу Камчиева Мээримгүл өздөрүнүн көркө окуудагы жогорку чеберчиликтерин көрсөтүштү.
"Эне тилим даңазалайм түбөлүк" деген темада окуучула видеослайттар жасашты.
5-7- класстын окуучулары эне тилге арналган китепчелерди жасашты.
22-сентябрь күнү "Ырда жигит,бийле кыз" деген темада ар бир класс обондуу ыр жана кыргыз улуттук бийлеринен аткарышты.

6-октябрь күнү шаардык денгээлде "Сөз бермети-кыргызда" деген темада ачык тарбиялык саат өтүлдү.

**Чыгып сүйлөдү: орус тили мугалими Исакова А.Т.**

Быйылкы окуу жылында кыргыз тилинен айлык жылдагыдан өзгөчө болду деп ойлойм. Анткени окуучулар аябай кызыгуу менен катышып, көп жаңы маалымат алгандыгы билинип турду.Кыргыз тилинин кадыр - баркын жогорулатуу- ар бир кыргыз жаранынын милдети.Ошондуктан ар бир предметтин мугалимдери бул иш чарага активдүү катышуубуз зарыл деп эсептеймин.

**3-маселе боюнча кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жетекчиси Алимбаева Т.Т. сөз сүйлөд**

**Угулду:**

2022-2023-окуу жылынын 10-октябрында «Сабаттуу бол» акциясы өткөрүлдү. Бул акцияда мугалимдердин сабаттуулугун жогорулатуу максатында жат жазуу жаздырылды.Бул жолу "9-Май-Жеңиш күнү"деген темада жат жазуу алынды.Буга 32 мугалим катышты. Текшерүүнү кыргыз тили усулдук бирикмесинин кыргыз тили мугалими Умаралиева Т. жүргүздү.

| № | Катышкан мугалим | "5" | "4" | "3" | б/с |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 32 | 12 | 15 | 5 | 84% |

Текшерүүдө көпчүлүк каталар пунктуациялык каталар экендиги аныкталды,ал эми орфографиялык каталар жокко эссе.Кетирилген каталарды эске алып айрым мугалимдерге тыныш белгилерди коюу сабатынын үстүндө иштөө сунушу айтылды.
25- октябрь күнү мугалимдерден "Кыргыз тилин канчалык билем?" деген тест алынды,анын мазмунун кыргыз тилинин тыныш белгилеринин коюлушун, фразеологизмдерди, макал-лакаптардын маанисин чечмелөөнү ,дагы ар кандай логикалык суроолорду камтыган 10 суроо түзүлдү.Текшерүүнү кыргыз тили жана адабияты мугалими Шайдилла к Динара жүргүздү.

| № | Катышкан мугалим | "5" | "4" | "3" | б/с |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 34 | 10 | 16 | 8 | 76% |

**4-маселе боюнча ОББ Эгембердиева А.Д. сүйлөдү.**

**Угулду:**

Саламатсыздарбы, урматтуу мугалимдер, төмөнкү таблицада ЖРТ нынын жыйынтыгы боюнча үч жылдык маалы чыгарылды.Өзүңүздөр көрүп тургандай,эң акыркы 2021-2022-окуу жылындагы көрсөткүч баштапкы жылдарга салыштырмалуу төмөнкү көрсөткүчтү көрсөтүп жатат. 2019-2020, 2020-2021-окуу жылдары ЖРТга катышкан окуучунун саны 15 болсо,2021-2022-окуу жылында ЖРТ га катышкан окуучунун саны 11 болуп салыштырмалуу 4 окуучуга азайган.Эң жогорку балл 174 болсо ал эми 2021-2022-окуу жылы 164 бал болуп жатат,10 балга азайып жатат.Эң төмөнкү балл 78 болсо, 2021-2022- окуу жылында 65 бал болду.Биз бул убака чейин да бир нече жолу ЖРТнын жыйынтыгы боюнча сиздер менен талкуулаганбыз.Демек, ЖРТ да жогорку көрсөткүчтү көрсөтүү үчүн дагы кандай иш аракеттерди жасообуз керек деп ойлойсуздар.

| **Окуу жылы** | **Катышкан окуучунун саны** | **Эң жогорку балл** | **Эң төмөнкү балл** | **Орточо балл** |
|---|---|---|---|---|
| 2019-2020 | 15 | 174 | 78 | 113,2 |
| 2020-2021 | 15 | 215 | 73 | 111,4 |
| 2021-2022 | 11 | 164 | 65 | 112 |

**ıыгып сүйлөдү: Шаардык Билим Берүү бөлүмүнүн башкы адиси Душобаева Ж.М.**
Саламатсыздарбы,урматтуу мугалимдер, окуучулар менен профориентациялык иштерди көп алып барууңуздар керек.Көпчүлүк окуучулар ким болосуң деп сурасаң так айта алышпайт.Окуучуларды өзү кызыккан предметке багыттоо керек.Ошондой эле кесипке багыт берүү боюнча ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу керек.Көзөмөл талаптарды коюш керек окуучуга.Акыркы жылдары ЖРТ боюнча көрсөткүчтөрдүн төмөндөп жаткандыгын эмнеге байланыштуу деп ойлойсуздар?

**Чыгып сүйлөдү: Мектеп директору Сарытаева Д.Т.**
Урматтуу мугалимдер, ЖРТнын жыйынтыгын жакшы көрсөтүүгө түздөн түз класс жетекчинин тиешеси бар.Класс жетекчи иштемейинче ЖРТнын жыйынтыгын жакшы көрсөткүчү жакшы болбойт.

Былтыркы окуу жылында Жоомарт агай жумасына 4 жолу 11- класстарыбызды даярдап келген.Эки саат математика, эки саат кыргыз тили.Былтыркы окуу жылынын апрель айында предметтер боюнча тесттер алынды.Быйылкы жылы эки жолу предметтер боюнча тест алууну пландаштырып жатабыз. ЖРТ боюнча 11-класста арасында түшүндүрүү иштерин күчөтүп, ата-энелер менен тыгыз иш алып баруубуз керек.

**Чыгып сүйлөдү: Кыргыз тили мугалими Алимбаева Тахиба .**
Саламатсыздарбы, урматтуу мугалимдер, былтыркы окуу жылында 11- класстарды кыргыз тили жана адабияты сабагынан мен окуттум.Акыркы жылдары мектепте көп жылдар бою иштебей калганымдын таасири болдубу деп ойлоймун.Быйылкы окуу жылда ЖРТ га даярдоо боюнча кыйла түшүнүктөргө ээ болуп, бир нече керектүү китептерди да сатып алып окуучуларды ЖРга даярдап жатамын.

**Чыгып сүйлөдү: Математика мугалими Мурзакматова Зарипа.**
Математика сабагынан 11- класстарды жыл сайын мен окутуп келемин.Окуучуларды ЖРТга даярдоо жолун билбей келемин ,себеби биз сабакта өтүлгөндөй кылып эсептер иштелбейт ЖРТнын суроолорунда.Быйылкы окуу жылда жы бою окуучулар тапшыра турган математика предметинен тесстерге катышып кошумча маалыматтарга ээ болуп өз билимимди өркүндөтүүнүн үстүнөн иштеймин деп максат койдум .

**Чыгып сүйлөдү: Шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Душобаева Ж.М.**
Баланын жөндөмдүүлүгүнө карап, кесипти туура тандоосуна жардам беришибиз керек.Ата-энелери менен байланышып кеңешип "Секом" ж.б.даярдоочу окуу жайларга берүү керек.
Балдарды шыктандыра турган мотивациялык семинарларды өтүшүбүз керек.
ЖРТ окуучунун тагдырын чечпеш керек, окуучунун каалоосу ЖРТны багындырыш керек.Жакшы сөз, туура кеңеш берүү керек.
5-11- класстарга билим берүүдө бир мугалим башынан аягына чейин окутса жакшы жыйынтык көрсөтөт деп ойлоймун.Окуунун керек экендигин окуучунун өзүнө сездирүү керек.Ал үчүн олимпиадаларга катыштырып, ж.б. семинарларды өткөрүп, ушуга окшогон иш чаралардын артынан барсак ,окуучу жоопкерчиликти сезе баштайт аракет кылат. Балдарды ар дайым шыктандырып туруу керек.
Окуучулардын билимине диагностика жүргүзүп туруу керек,фиктивдүү мыктылар эмес, чыныгы мыктыны аныктоо керек.

**Жогорудагы маселелерди карап чыгып ,усулдук кеңеш сунуш кылат:**

1. Окуу китептерди жаны окуу жылында график боюнча мектеп парламентинин жардамы менен текшерип туруу сунушталат.
2. Кыргыз тили айлыгынын өтүшү «жакшы» деп белгиленип, кийинки жылга толуктоолор киргизилүүсү сунушталат.
3. Ар бир мугалим өзүнүн орфографиялык сабаттуулугунун үстүндө иш алып баруусу сунушталат.
4. 11- класстардын окуучуларына ЖРТга даярдануу катышуу ,кесип тандоо боюнча класс жетекчи тарабынан, ОББ тарабынан түшүндүрүү иштерин жүргүзүлсүн.
   Предметтик мугалимдер тарабынан окуучуларга кошумча сабактар өтүлсүн.
   Бүтүрүүчү класстардын ата-энелери менен дагы тыгыз иш алып барылып, ЖРТга даярдыгы боюнча маалымат берилип турулсун.
   Шаарыбыздагы тестке даярдоочу борборлор НЦТнын , ЦООМОнун сыноо тесттерине окуучуларды катыштыруу сунушталат

Усулдук кеңештин төрайымы: Эгембердиева А.Д.
Катчы: Шайдилла к Динара.